| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ТОҢ РАЙОНУ**<br>**АК-ТЕРЕК АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ**<br>**КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТОНСКИЙ РАЙОН**<br>**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**<br>**АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын IV кезексиз сессиясы**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 10-марты №46 — Кара-Коо айылы

## Ысык-Көл облусунун, Тоң районунун, Ак-Терек айыл аймагына караштуу Комсомол айылындагы жаңы салынган №14 бала бакчага Султанкулов Асанкадырдын ысымын ыйгаруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы № 467 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик маанидеги объектерге ат берүү жана атын өзгөртүү тартиби тууралуу" Жобонун негизинде жана Комсомол айылынын тургундарынын жалпы чогулушунун протоколу, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин депутаттык этика, регламент жана мандат, социалдык маселелер, жаштар, спорт, билим берүү, саламаттыкты сактоо боюнча комиссиянын сунушун угуп, талкуулап Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү Кеңеши **токтом кылат:**

1. Ысык-Көл облусунун, Тоң районунун, Ак-Терек айыл аймагына караштуу Комсомол айылындагы жаңы салынган №14 бала бакчага Султанкулов Асанкадырдын ысымы ыйгарылсын.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл айымагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Зарнаев Жыргалбек Жакшылыковичке милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Төрага** **С. Эркинбек уулу**